## Баалоо критерийлери

Мектептеги билим берүү программаларынын мазмуну Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандарттарына, окуучулардын жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келет.

Сабактар жалпы билим берүү мектептери үчүн Базистик окуу планына ылайык өтүлөт. Регламент боюнча сабактар 45 мүнөт өтүлүп, 5 мүнөттүк танапистер берилет. Окутуу 1 кезметтүү – саат 08:30 башталып 13:30 (дүйшөмбү күнү 14:20) аяктайт.

Каникулдардын графиги 2021 – 2022-окуу жылына жалпы билим берүү мектептери үчүн Базистик окуу планында көрсөтүлгөн мезгилдерге ылайык түзүлгөн.

Окуучулардын билим сапатынын административдик көзөмөлү жыл сайын жүргүзүлөт:

- Старттык (сентябрь)
- Жарым жылдыктын жыйынтыктары боюнча (январь)
- Жыл жыйынтыгы боюнча (июнь)

Билим берүү мекемеси менен канааттануу боюнча ата-энелер жана окуучулар арасында анкетирлөөнү социалдык педагог жүргүзөт ( анонимдүү, апрель-май).

Мектептин мониторинг системасы:

- Ички мониторинг: ар бир чейрек сайын, жарым жылдык, жылдык, бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоо аттестациясы, класстык жана жалпы мектептин өзүн-өзү башкаруусунун деңгээли, ата-энелердин анкетирлөөсү.
- Тышкы баалоо: Жалпы Республикалык Тестирлөө, бүтүрүү экзамендердин предметтеринин жыйынтыктары, 1, 5, 11-класстарынын старттык диагностикасы.

Мониторингдин жана мезгили менен баалоонун натыйжаларын (предметтер боюнча билим сапатын, 1, 5-класстардын көндүмдөрүн текшерүү, жалпы класстык, старттык, жарым жылдык, жыйынтык көзөмөл) талдоо, талкуулоо жана аны билим берүү процессин уюштурууну жакшыртуу үчүн УБ отурумдарында, окуу бөлүмүнүн башчысынын алдындагы, өндүрүштүк, педагогикалык кеңешмелерде атайын маселе болуп коюлуп каралат жана жыйынтыктар чыгарылат.

## Компетенттүү окутуу жана окуучулардын жетишүүсүн баалоо

Мектеп өзүнүн билим берүү программаларына компетенттүү окутуу процесстерин киргизген.

Мугалимдер сабак өтүүдө инновациялык технологияларды колдонушат, өзгөчө жазуу жана оозеки кеп өстүрүүгө басым жазашат, логикалык ой жүгүртүүлөрүн өстүрүүгө көңүл бурушат, сулуукка болгон жан-дүйнөсүн байытып, эстетикалык билим, тарбия берип, эмгек маданиятын калыптандырып келечектеги турмуш жолуна даярдашат.

Гуманитардык багыттагы предметтерин окутуу жакшы деңгээлде жүргүзүлөт; мугалимдер өз предметтери боюнча материалдарды жакшы билишет, сабак өтүүдө интернеттен алган маалыматтарды колдоно билишет; окуучулардын билим, билгичтик, жөндөмдөрү мамлекеттик билим берүү программаларына дал келет. Окуучулардын гуманитардык предметтерди окууга кызыкдар болгону билим сапатынын жогорулашына өбөлгө болот.

Компетенттүү окутууга жана окуучулардын жетишүүсүн баалоодо мектептин усулдук бирикмелеринин иши чоң мааниге ээ.

Бардык усулдук бирикмелер предметтер боюнча билим сапатын көтөрүү көйгөйү, компетенттүү окутуу жана окутуунун активдүү усулдарын киргизүү үстүндө иш алып барышат.

Окуучулар мектеп ичиндеги, райондук предметтик олимпиадаларга активдүү катышып байгелүү орундарга ээ болушат.

Окуучулардын жетишүүсүн баалоодо педагогикалык усулдарды, билим берүүнүн формаларын, технологияларын баалоо жана түзөтүү үчүн окуучулар менен үзгүлтүксүз өз ара байланыш пайдаланат. Окуучулар баалоо жол-жобосу, текшерүүлөрдүн түрлөрү, алардын билимин баалоонун мамлекеттик стандартка ылайык колдонулуучу чен-өлчөмдөрү боюнча толук маалыматка ээ.Окуучулардын арыздарына (даттанууларына) чара көрүү жол-жоболору иштеп чыгарылган, колдонууга киргизилген жана социалдык педагогдун көзөмөлүнө алынган.